Отличниктердин фамилиясы окулду (тиркелет).

29 мугалим эмгектенди. 11-классты 25 окуучу бүтүрдү.

Жогорку окуу жайына – 11.

Колледж – 4.

Иштейт – 8.

ЖРТ тапшыруу жыйынтыгы начар.

Эң жогорку балл – 149 балл

110 дон өйдө – 7 окуучу алды.

Өткөн окуу жылында 27% болсо быйылкы окуу жылында 30% ти түздү 3% га гана көтөрүлдү.

Предметтик олимпиада боюнча райондо 4 орунга ээ болдук. 7 окуучу байгелүү орундарга ээ болду. Улуттук тестке катышып 9, 11-класстар 10 окуучу "4" жана "5" деген баага география, тарых предметтеринен тапшырып мамлекеттик экзамендеп бошотулду.

Конкурстар боюнча: Сары өзөн чолпондору, спорт боюнча байгелүү орундарга ээ болуп жатабыз.

К.Оторбаев атындагы футбол боюнча мелдеш Чоң Кемин өрөөнү боюнча өткөрүлүп келе жатат. 4 жылдан бери биздин футболистер 1-орунду бербей келе жатышат. 5000 сом, кубок менен сыйланышты.

Балдардын билим сапатын көтөрүү үчүн ата-энелерден демөөрчүлөр болуп жатат:

К.Оторбаев атындагы стипендия 4 окуучу – 500 сомдон.

Т.Түлөбердиева атындагы стипендия 8 окуучу – 500 сомдон.

К.Бакиров атындагы стипендия: 10-11-класстардын отличниктери – 1000 сомдон.

Мектептин материалдык базасын чыңдоо үчүн төмөнкүдөй иштер болду:

1. Стим.грант менен мектептин эшик, терезеси көтөрүлдү.
2. 2020-жылга мектептин чатырын көтөрүүгө проект жазылып жатат.
3. А.Ниязалиев атындагы класс кабинет 100000 сомго балдары бүтүрүп беришти.
4. 9-б класстын, 6-класстын ата-энелери 15000 + 15000 сомго класска полуна ленолиум салып беришти.
5. 20 жылдык бүтүрүүчүлөр: 2016-2017-окуу жылы 25000 сомго окуп кеткен классына ленолиум салышты.
6. 2017-2018-окуу жылы 20000 сомго кыргыз кыздардын формасын алып беришти.
7. 2018-2019-окуу жылы 1 класска комплект парта – 12, стол – 24 алып келишти.
8. Микрофон, усилитель алып беришти.

Мектептин ишке киргенине 50 жыл болду: Электр жарыктары, электр жылыткычтары, шыбагы, полу, чатыры эскирди, капиталдык ремонт керек болуп турат.

**Протокол № 1**

**Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебиндеги ата-энелер жыйналышынын көчүрмөсү**

10.09.2019-жыл.

Катышкандар: 1. 215 – ата-эне.

2. А/Ө башчысы Сулайманов Н.Ж.

3. Камкорчулар кең. – Жунушалиев Э., Мустапаева Ж.

4. Мугалимдер коллективи

Каралуучу маселе:

1. "Үй – бүлөлүк тарбиянын мааниси".
2. 2018-2019 – окуу жылында Шабдан Ата атындагы орто мектебинде иштелген иштин жыйынтыгы.
3. Камкорчулар кеңешинин 3 жылда жана акыркы бир жылда иштеген иштеринин маалыматы.
4. Ар кандай маселелер.

Жыйналыштын жүрүшү:

Жыйналышты мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Карагулова А.А. ачып, жумушчу президиумду сунуштады, колго салып бекитилди.

Жумушчу президиумга:

1. Сулайманов Н.Ж. – айыл өкмөт башчысы
2. Оторбаева Г.М. – мектеп директору.
3. Жунушалиев Э. – камкорчулар кеңешинин жетекчиси.
4. Мустапаева Ж. – камкорчулар кеңешинин кассири.
5. Жекшеналиева А. – ата-эне.

Катчы: Тилепбергенова К.О.

Мектеп директоруна сөз берилди:

"Регламент жана каралуучу маселе менен тааныштырып колго салып бекитилди.

Каралуучу 1-маселе боюнча кыскача доклад окулду (тиркелет).

Каралуучу 2-маселе боюнча төмөнкүлөр маалымдалды:

"2018-2019-окуу жылында 404 окуучу болчу жыл аягында 398 окуучу окуп билим алышты.

28 отличник, 122 ударник билим сапаты: 42.7%, жетишүүсү: 100%.

Быйылкы жаңы окуу жылына ремонтто ишин жогорку деңгээлде өткөрүп райондо 1-орун алып диплом менен сыйландык.

Суроо болсо бериңиздер?

Суроо жок.

Жарыш сөздөр:

Султангазиев Н. – ата-эне:

Мектепте иш жакшы эле жүрүп жатыптыр. Китеп маселеси кандай болот. Көп китептер жетпей жатат.

Жооп: Китептер боюнча 5-6 класстардыкы жаңы китептер, ижара – 25 сомдон төлөнөт. Ата - энелер өздөрү банкка акчасын төгүшөт.

6-орус класс өткөн окуу жылда жок болчу. Жаңы окуу жылында орус класс бар буларга китеп жетпей калды буюртма берилген.

Сагыбалдиева З. – ата-эне:

Мектепте иштер жакшы жүрүп жатат. Алдыңкы мектептердин катарында. Иштеп жаткан мугалимдерге ыраазычылык билдирели. Ишиңерге ийгилик!

Карапуучу биринчи, экинчи маселе боюнча жыйынтыгын чечим кылат.

Чечим:

1. Үй-бүлөдө ата-эне, эже, байкелердин жүрүм-турумдары эрежелери болуш керек. Эрежени туура сактоо ар бир үй-бүлөгө милдеттүү.
2. Балдардын билим сапатын көтөрүү үчүн ата-эне жана мугалим тыгыз байланыш түзүү милдеттендирилсин.
3. Бир жылдык мектептин иштеген иштери канаатандырарлык деп бааланcын.

Карапуучу 3-маселе боюнча камкорчулар кеңешинин төрагасы Жунушалиев Э. төмөнкүлөрдү маалымдады:

Угулду: 2016-2017-окуу жылында шайлангандыз. Ошондон бери иштеген ишибиз төмөнкүдөй болду (маалымдама тиркелет).

Сулайманов Н.Ж. – Айыл өкмөтүнүн башчысы:

Угулду: "Мектеп мамлекеттик билим берүү тармагына карайт. Имарат А/Ө балансысында мектептин ремонттоо ишине гана акча бөлүп бере алабыз. Жол кире, канц.товар, класстар үчүн чака, шыпыргы, тряпка дегенге акча бөлбөйбүз. Каржылоо үчүн өкмөттө деле акча каражат жетишсиз. Ошондуктан өз каалооңор менен камкорчулар кеңешин түзүп ар кандай көйгөйлөрдөн чыгышыбыз керек."

Отчет бериңиз чогулган акча кандай жумшалган айтып бериңиз.

Жунушалиев Э. – Бир жылда 17 ата-эне берген жок. Бербесеңер кыйноо жок.

Кемелова – Жетпеген китепти сатып бердик бир жылдан кийин камкорчуларга сатсак алабызбы?

Жетпеген китептерге заявка берсин дагы эле алып келип беребиз.

Жунушалиев Э. – Кандай кылабыз, уюштуралыбы?

Абдразаков ата-эне – Мен фонддун уюшканына каршы эмесмин. "Көп түкүрсө көл болот" демекчи кем карчтарына жардам берели.

Абдрахманова Ж. ата-эне – Жаштар эле пачарсыңар балдарыңардан эмне аяйсыңар. Улуулар биз макул элебиз. Жетпеген китептерди алып берип жатышат. Балдардын жол кирелери төлөнүп жатат.

Сунуш болду: "Алдыңкы окуучуга конкурстардан байгеге ээ болгон окуучуларга кошумча акчалай сыйлык берсе жакшы эле болот."

Жунушалиев Э. – Канча сомдон чогулталы? 200 сомдон, 400 сомдон деген сунуштар болуп жатат. Ортосун алалы 300 сомдон. Макулсуңарбы? Макул болсоңор колго салалы?

300 сомдон колго салуу менен бекитилди.

Жаңы камкорчулар кеңешинин мүчөлөрүн шайлайлы.

Ата - энелердин сунуштары менен төмөнкүлөр көрсөтүлдү.

1. Сатыбалдиев Бекназар
2. Жекшеналиева Асель
3. Эстебесова Гүлзана
4. Досова Жанат
5. Токтоналиева Айзат
6. Жунушова Нургүл
7. Акматов Акжолтой
8. Осмонкулов Мирлан
9. Султангазиев Нурбек
10. Жунушалиев Эрнист
11. Мустапаева Жаңыл

Эсеналиев М. ата-эне – Жаңы шайланган кеңешке ийгилик жакшылап иштеп бергиле.

Жыйналыш чечим кабыл алды.

Чечим.

1. Камкорчулардын иштеген иштери жакшы деп бааланcын.
2. Жогоруда сунушталган камкорчулардын жаңы мүчөлөрү бекитилсин.
3. Бир жылга 300 сомдон ата-эненин каалоосу менен төлөө жагы бир жылга бекитилсин.

Каралуучу 4-маселе боюнча тарбия иштер боюнча директордун орун басары Карагулова А. сөз берилди.

Угулду: "Окуучулардын тарбиясын дагы карайлы. райондо тарбиялык көп иш-чаралар өттү. Бардыгына биздин балдар катышты. Мамлекет тарабынан келген буйруктарга баш иебиз. Иштелген иштер боюнча маалымат берди (тиркелет). Балдар сабактан кечигет ата-энеси уктаган бала сабакка кечигип келет. Эрте туруп эрте жөнөтүп турсаңыздар. Сотка колдонбойбуз сабакта өзүн-өзү башкаруу уюму текшерип соткаларын алып койсо нааразы болбоңуздар. Күз келе жатат. Күзгү жумушка балдарга үч күнгө арыз менен гана уруксат беребиз. Жумалап балдарды жибербей койбоңуздар. Түнкүсүн балдарды көзөмөлдөсөңөр. Кечки 10 дон кийин үйдөн чыкпасын. Формаларын алып берипттирсиздер. бирок галстук алып бербептирсиздер. "Таза класс. таза күндөлүк", "Мыкты окуучу" деген конкурстар болот. Ошондо бардык жактар каралат."

Сагыбалдиева З. – Таңкы көнүгүүнү өткөзбөсөңөр эмне болот?

Карагулова А.А. – Мыйзам менен иштейбиз. Эгер "математика" предметин алып салсак кандай болот?

Ата – энелер: Окуучунун ден-соолугуна жакшы боло берсин. Ысык тамакка беребиз.

Жыйналыш чечим кылат.

Чечим:

1. Балдардын ден-соолугуна жана тартибине көз салуу жагы ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.
2. Уюлдук телефонду мектепке колдонбоо жагын мугалимдер жана ата-энелер көзөмөл жүргүзсүн.
3. Күзгү жумушка окуучулар таратылбасын. Эгер өз жумушу болсо ата-эне арыз менен кайрылып 3 күнгө чейин уруксат алсын.
4. Жалпы ата-энелердин каалоосу менен 5 сомдон кошумча ысык тамакка берилсин.

**Мектеп директору:** Б.М.Оторбаева

**Катчы:** К.О.Тилепбергенова